**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Б. ДЖАМГЕРЧИНОВ АТЫНДАГЫ ТАРЫХ, АРХЕОЛОГИЯ ЖАНА ЭТНОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 07.23.671**

**Кол жазма укугунда**
**УДК: 94.510.093: 327 (575.2) (043.3)**

**Шаршенбек кызы Айпери**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАНХАЙ КЫЗМАТТАШТЫК УЮМУНУН ӨЛКӨЛӨРҮ МЕНЕН БОЛГОН МАДАНИЙ-ГУМАНИТАРДЫК КЫЗМАТТАШТЫГЫ

**07.00.02 – Ата Мекен тарыхы;**
**07.00.03 – жалпы тарых**

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**
**АВТОРЕФЕРЕТЫ**

**БИШКЕК 2024**

Диссертация Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин чөлкөм таануу жана кыргыз таануу кафедрасында аткарылды

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | **Омурова Жамыйкат Орозбековна**<br>тарых илимдеринин доктору, доцент, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин чөлкөм таануу жана кыргыз таануу кафедрасынын башчысы |
| **Расмий оппоненттер:** | **Джуманалиев Акылбек**<br>тарых илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун башкы илимий кызматкери |
| | **Абдалиева Гульзада Кошоевна**<br>тарых илимдеринин доктору, доцент, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Педагогикалык жана гуманитардык билимдер кафедрасынын башчысы |
| **Жетектөөчү мекеме:** | К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин Кыргызстандын жана чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы кафедрасы, дареги: 720044, Бишкек ш. Ч. Айтматов ат. проспект 27. |

Диссертация 2024-жылдын 20-декабрында саат 13.00дө Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, этнология жана археология институтуна караштуу тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 07.23.671 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720033, Бишкек ш., Фрунзе көч. 547. Диссертацияны коргоонун онлайн трансляциясынын идентификациялык коду: https://vc.vak.kg/b/072-7sm-mez-hia

Диссертация менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети (720033, Бишкек ш., Жибек Жолу пр. 394) жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынан (720071, Бишкек ш., Чүй пр., 265а) илимий китепканаларынан, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын сайтынан: https://vak.kg/ таанышууга болот.

Автореферат 2024-жылдын 20-ноябрында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**тарых илимдеринин доктору** **Карыева А. К.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Учурдагы жүрүп жаткан ааламдашуу шарттарында дүйнө өлкөлөрүнүн маданий-гуманитардык жаатгагы кызматташтыгы артыкчылыктуу мааниге ээ болуп, саясий жана экономикалык мамилелер менен бир катар тышкы саясаттын үчүнчү өлчөмү катары бааланууда. Дал ушул мамилелер аркылуу мамлекеттер менен эл аралык уюмдар дүйнөлүк аренада бир катар артыкчылыктарга ээ болуп, позитивдүү имидж жаратышууда.

Жалпыга белгилүү болгондой, маданий-гуманитардык кызматташтык – мамлекеттердин маданият, билим берүү, илим, саламаттыкты сактоо, маалыматтык технологиялар, спорт, массалык маалымат каражаттары, туризм, жаштар чөйрөсү ж.б. тармактардагы кызматташуусу болуп саналат. Ошол эле учурда, «маданий-гуманитардык саясат», «маданий дипломатия» жана «жумшак күч» сыяктуу факторлор диссертацияда маданий-гуманитардык кызматташуунун максаттарына жетүүнүн натыйжалуу куралы катары каралууда. Анткени, мажбурлоо саясатына караганда жагымдуу жүргүзүлгөн “жумшак күч” саясатынын негизинде маданий-гуманитардык багыттагы иш-чаралар көбүрөөк ишке ашырылып, өз ара түшүнүшүү жана сый-урмат мамилелерин калыптандырат.

Шанхай кызматташтык уюмунун (ШКУ) мүчө мамлекеттеринин өз ара мамилелериндеги көйгөйлүү маселелер катары алардын ар кандай мүмкүнчүлүктөрү менен позицияларын (көз караштарын) белгилей кетүү зарыл. Анткени, өз кезегинде аталган уюмдун жалпы жана жеке максаттары менен милдеттерин макулдашууда жана ишке ашырууда айрым бир кыйынчылыктарга туш болууда. Белгилей кетүүчү маселе болуп, аталган уюмдун ишмердүүлүгүнүн 2001-жылдан бери уланып келе жаткандыгына карабастан, маданий-гуманитардык байланыштар 2007-жылдан тартып гана иш жүзүнө ашырыла баштагандыгында. Уюмдун мүчө мамлекеттеринин маданий кызматташуусун жөнгө салган негизги документ болуп 2007– жылдын 16-августунда Бишкекте кабыл алынган ШКУга мүчө-мамлекеттердин ортосундагы маданий-гуманитардык тармактагы кызматташтык жөнүндөгү макулдашуу эсептелет.

Келишимде, өзгөчө көңүл өсүп келе жаткан жаш муундарга бурулган. Буга чейин 2006-жылы ШКУнун ишмердүүлүгүндөгү стратегиялык актуалдуу багыт катары “Жаштар Кеңеши” түзүлгөн. Ошону менен бирге эле, ШКУга мүчө мамлекеттердин маданий-гуманитардык кызматташтыгы өткөн 23 жылдын ичинде эле зор тажрыйбага ээ болду жана Евразия мейкиндигинде жашаган элдер менен мамлекеттердин ортосунда өзүнүн абройун жана таасирин кеңейтти.

Белгилей кетүүчү маселе, изилдөөгө алынып жаткан илимий иштин азыркы учурга чейин жеткиликтүү деңгээлде иликтенбей, айрым бир маданий-гуманитардык жаатгагы маселелердин изилдөөчүлөрдүн көз жаздымында калып, илимий айлампага киргизилбей келе жаткандыгы саналат.

Мындан сырткары, Кыргызстандын тарых илимдеринин заманбап көйгөйлөрү, эл аралык алака жана башка маселелери ички тарыхты изилдөө менен гана чектелбеши керек. Кыргызстандын эл аралык саясаттагы орду, дипломатиялык иш-аракеттери, эл аралык, чөлкөмдүк, көп тараптуу жана эки тараптуу кызматташтыгы, асыресе Бириккен Улуттар Уюму, ЮНЕСКО, ШКУ сыяктуу эл аралык уюмдардагы ишмердиги да терең иликтениши зарыл.

Ошондуктан, Кыргызстандын ШКУнун мүчө өлкөсү катары көп тарамдуу ишмердигинин жана көп векторлуу дипломатиясынын улам жаңы өңүттөн ачылышы азыркы Ата Мекендик тарых илимибиздеги актуалдуу маселелердин бири болуп саналат.

Буга чейин дагы Кыргызстандын ШКУга мүчө өлкөлөрү менен карым-катнаштары изилдене баштаган, бирок мезгилдин улам жаңы өнүгүшү жана жаңы фактологиялык маалыматтардын пайда болушу бул комплекстүү маселелерди кылдат иликтениши керек болгон жаңы өңүттөрдү айгинеледи.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык иш демилгелүү эмгек болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин негизги **максаты** – Кыргызстандын Шанхай кызматташтык уюмунун мүчө өлкөлөрү менен болгон маданий-гуманитардык байланыштарынын өнүгүүсүнүн тарыхый жолун талдоо менен бирге, уюмдун өнүгүүсүнүн көйгөйлөрүн жана тенденцияларын ачып көрсөтүү.

**Диссертациялык изилдөөнүн максатына жетүү үчүн изилдөөдө төмөнкүдөй милдеттер коюлган**:

1. Диссертациялык изилдөөнүн көйгөйлөрүнүн изилдениш деңгээлин аныктоо;
2. Изилдөөнүн булактаануусун типологиясы жана мааниси боюнча аныктоо;
3. Маданий-гуманитардык кызматташуунун концептуалдык негиздерин жана укуктук-ченемдик базасын талдоо;
4. Кыргыз Республикасынын ШКУнун мүчө өлкөлөрү менен болгон маданий кызматташтыгынын негизги аспектилерин жана проблемаларын аныктоо;
5. Билим берүү, илим жана саламаттыкты сактоо тармагында Кыргызстандын уюмдун мүчө өлкөлөрү менен интеграциялык жүрүмдөрүн изилдөө;
6. ШКУнун университетинин түзүлүшүнүн актуалдуулугун жана ишмердүүлүгүн мүнөздөө;
7. Учурдагы көп полярдуу мезгилде ШКУнун Жаштар кеңешинин стратегиялык маанисин жана ишмердүүлүгүн аныктоо.

*Изилдөөнүн хронологиялык алкагы.* Изилдөөнүн чеги 2001-жылдан 2023-жылга чейинки мезгилди камтыйт.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

1. ШКУнун Евразия мейкиндигинде көз карандысыз эл аралык уюм

катары калыптануу тарыхында Кыргызстандын уюмга мүчө өлкөлөр менен маданий-гуманитардык өз ара мамилелерин изилдөө Кыргызстандын тарых илиминде алгачкылардан болуп изилденүүдө; Аталган уюмдун укуктук-ченемдик жана башка документтери талдоого алынып, системалаштырылды.

2. Япон, орус, түрк, англис тилдериндеги адабияттардын, маалыматтардын көмөгү менен Кыргызстандын уюмга мүчө өлкөлөр менен маданий-гуманитардык кызматташтыктарынын артыкчылыктуу багыттары (илим, билим берүү, театр ж.б.) каралып, туризм, экология жана башка жааттагы актуалдуу маселелер талдоого алынды.

3. Диссертациялык иште ШКУнун электрондук сайтындагы архивдик материалдары, Кытайдын жана Россиянян Тышкы иштер министрликтеринин интернет сайттарындагы материалдар, Кыргыз Республикасынын Президентинин архивинин материалдары, Билим берүү жана илим, Саламаттыкты сактоо, Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрликтеринин, Туризм департаментинин, расмий аналитикалык маалыматтары, Улуттук Статистика комитетини жана айрым ведомстволордун расмий маалыматтары илимий айлампага киргизилди. Аталган материалдар изилдөөнүн булактык базасын кыйла кеңейтти.

**Изилдөөнүн илимий практикалык мааниси.** Илимий иштин ар бир бөлүмүндөгү негизги бүтүмдөр жана жалпы тыянактар Ата Мекен тарыхы, Евразия тарыхы, ШКУнун тарыхы, жалпы тарых, азыркы эл аралык мамилелер, тышкы саясат жана дипломатиянын тарыхы сыяктуу маселелерди изилдөөдө, интернеттик дарстарды даярдоодо, окуу куралдарын түзүүдө жана ушул теманын алкагында салыштырма изилдөөлөр жүргүзүлгөн илимий чөйрөлөрдө пайдаланууга болот.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. Кыргыз Республикасынын уюмга мүчө мамлекеттер менен маданий-гуманитардык кызматташтыгы үч этапта көрсөтүлдү: биринчи этап – укуктук-ченемдик базанын калыптанышы (2002-2010-жылдар); экинчи этап – аталган кызматташтык жаңы тармактарга жайылышы (2010-2017-жылдар); үчүнчү этап – уюмдун алкагынын кеңейиши жана жаңы мүмкүнчүлүктөрдүн пайда болушу (2017-2023-жылдар);

2. Кыргыз Республикасы менен ШКУнун мамлекеттеринин ортосундагы көп тараптуу форматтагы маданий-гуманитардык алакаларынын өнүгүүсү 2007-жылдан башталып, ал эми 2015-2023-жж. аралыгында маданият, билим берүү, илим, массалык маалымат каражаттары, туризм, спорт, экология ж.б. тармактарында уюмдун ишмердүүлүгүнүн кеңейиши менен практикалык түрдө ишке ашырылган.

3. Кыргызстан менен ШКУ уюмуна мүчө мамлекеттердин ортосундагы активдүү эки тараптуу жана көп тараптуу маданий байланыштар элдердин руханий жана материалдык мурастары менен тереңирээк таанышууга мүмкүндүк берет. Ошол эле учурда “маданий дипломатия” аспектиси уюмдун өлкөлөрүнүн маданий кызматташтыгында маанилүү орунду ээлейт.

4. Учурдагы болуп жаткан ааламдашуу жүрүмдөрүнүн доорунда улуттук баалуулуктарды сактоо жана тарыхый эстеликтерди коргоо маселелери ШКУга мүчө ар бир өлкөнүн маданий иденттүүлүктүн маанилүү багыттарынын бири катары актуалдуу болууда.

5. ШКУнун ишмердүүлүгүнүн мындан ары өнүгүүсү үчүн Жаштар кеңешинин ишмердүүлүгү уюмдун мүчө мамлекеттери үчүн стратегиялык мааниге ээ. Уюмдун Жаштар кеңешинин курамына ар бир мүчө мамлекеттин улуттук жаштар уюмдары кирет. Жаштар кеңештин мүчөсү катары Кыргыз Республикасынын атынан Кыргызстандын Жаштар коомдук кеңеши эсептелинет.

6. Уюмдун алкагында кытай тилин үйрөнүү, кытай маданиятын жайылтуу, академиялык өз ара алмашуу, студенттердин мобилдүүлүгү, тармактык университеттерди жана ШКУнун университеттери аркылуу адистештирилген университеттердин ассоциацияларын түзүү жигердүү жүргүзүлүүдө, бирок тилекке каршы бул процесс негизинен бир жактуу ишке ашууда. Мисалы, чакан өлкөлөрдүн мамлекеттик бюджетинин чектелүү болгондугуна байланыштуу, академиялык мобилдүүлүк жаатында ал өлкөнүн катышуусу чектелүүдө.

7. Акыркы мезгилде Кыргыз Республикасынын ШКУга мүчө мамлекеттери менен маданий-гуманитардык мамилелерде жигердүү иш аракеттери байкалууда.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Изилдөөчү тарабынан тарыхнааманын талдоосу көрсөткөндөй Кыргызстандын учурдагы тышкы саясатынын тарыхындагы бул көйгөй боюнча изилдөөлөр жокко эсе экендиги аныкталган жана терең изилдөөнү талап кылаарын көрсөттү; Биринчи жолу илимий айлампага архивдик булактардын жана массалык маалымат каражаттарында жарыяланбаган материалдардын жаңы катмары киргизилди, бул изилдөөлөрдүн булак базасын олуттуу түрдө тереңдети; Кыргызстан менен ШКУга мүчө мамлекеттердин ортосундагы маданий-гуманитардык мамилелердин багыттары аныкталып, ШКУ сыяктуу эл аралык уюмдардагы ишмердиги терең иликтениши зарыл экендиги белгиленди.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы.** Диссертациялык иштин мазмуну жана илимий тыянактары эл аралык жана республикалык илимий–практикалык конференцияларда, форумдарда, тегерек отурум ж.б. илимий жыйындарда апробацияланды.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу.** Илимий иштин жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын УИА сунуштаган атайын илимий жыйнактарда, чет элдик рецензияланган журналдарда жана башка илимий жыйнактарда жарыяланган. Илимий иш боюнча жалпы 9 илимий макала, анын ичинен 5 макала РИНЦте катталган чет элдик басылмаларда, 1 макала “Web of Science” жана “Scopus” индекс системасында жарык көрдү.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Иш киришүү, 4 бап жана 7 бөлүм, корутунду, 354 пайдаланылган булактар менен адабияттардын

тизмесинен жана 13 тиркемеден (карталар, фотосүрөттөр, таблицалар) турат. Диссертациянын көлөмү 142 бет.

## ДИССЕРТАЦИЯЛЫК ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманынын актуалдуулугу, максаты жана милдеттери, илимий жаңычылдыгы, теориялык-практикалык мааниси, коргоого алынып чыгарылган негизги жоболор, изилдөөнүн хронологиялык алкагы, изденүүчүнүн жеке салымы тууралуу маалыматтар бар.

Биринчи бап **"Илимий изилдөөнүн тарыхнаамасы"** деп аталат. Кыргыз Республикасынын Шанхай кызматташтык уюмунун (ШКУ) алкагындагы маданий-гуманитардык кызматташтык маселесин изилдөө бүгүнкү күндө дүйнөлүк жана чөлкөмдүк саясатта абдан кызуу талкууга алынып, атайын адистештирилген илимий мекемелер жана институттар тарабынан тынымсыз илимий иликтөө иштери жүргүзүлүп келет. Изилденип жаткан маселенин тарыхнаамасына талдоо жүргүзүүдө чет элдик жана жергиликтүү окумуштуулардын, аналитиктердин, саясат таануучулардын жана башкалардын эмгектерин *үч топко* бөлүп карадык:

1. Америка Кошмо Штаттары (мындан ары АКШ) жана Европа өлкөлөрүнүн илимпоздорунун, саясат таануучуларынын, серепчи, аналитиктеринин эмгектери;
2. Азия өлкөлөрүнүн окумуштууларынын, изилдөөчүлөрүнүн илимий эмгектери;
3. Кыргыз Республикасынын илипоздорунун, саясат таануучуларынын, аналитиктердин ж.б. изилдөөлөрү.

*Биринчи топто,* ШКУнун тарыхый өнүгүү эволюциясын, кызматташуу багыттарын жана Кыргызстандын уюмдун алкагындагы маданий-гуманитардык маселесин изилдеген *Америка Кошмо Штаттары жана Европа өлкөлөрүнүн* илимпоздорунун, саясат таануучуларынын, серепчи, аналитиктеринин эмгектери каралды.

Азыркы мезгилдеги АКШны дүйнөлүк гегемонияга айландыруу максатында жазылган эмгектерде БА региону жөнүндөгү көйгөйлөр жазылган. АКШнын изилдөөчү-аналитиги, саясат таануучусу, эл аралык мамиле боюнча адис С. Хантингтондун бир катар эмгектери бар. Автордун эмгектеринде жер шаарынын бардык чөлкөмүндөгү анын ичинде БАнын цивилизациялык өнүгүүсүнө ар тараптуу анализ берилген.

Азыркы учурда Батыш окумуштууларынын Борбор Азиянын саясий жана социалдык-экономикалык өнүгүү процесстерине жана ШКУнун ишмердүүлүгүнө болгон кызыгуусу бир топ өстү. Бул контекстте Борбордук Азия мамлекеттеринин интеграциясына жана коопсуздугуна байланыштуу көйгөйлөр чагылдырылган англис окумуштууларынын бир нече эмгектери бар. Улуу Британиянын тышкы саясат борборунун улук саясий кеңешчиси Крейг Олифанттын жана Улуу Британиядагы Бирмингем университетинин Россия жана Чыгыш Европа изилдөө борборунун улук изилдөөчүсү Стивен Аристин

эмгектеринде Кыргызстандын аймактык интеграциясы, ШКУнун ишмердүүлүгү жана өнүгүүсү, уюмдун алкагындагы РФ менен КЭРдин кызматташтык маселелери каралган.

Кытайдын БАдагы таасирдүүлүгүнүн ишке ашышындагы “жумшак күч” саясатынын мүмкүнчүлүктөрүн жана ШКУну Эдинбург университетинин илимий кызматкери Бернардо Марианинин жана Нидерландынын «Clingendael» эл аралык мамилелер институтунун изилдөөчүсү Гао Фейдин эмгегинде талданган.

РФда ШКУнун жаралуу тарыхын, ошондой эле уюмдун алкагындагы маданий-гуманитардык багыттагы кызматташтыгын жана көйгөлөрүн чагылдырган эмгектер арбын. Алар А. В. Лукин, С. Г. Максимова, О. Е. Ноянзина, Д. А. Омельченко, Н. П. Гончарова, А. А. Куртов, Ю. Морозов, Муратшина К. Г., Бахтин Е. Л., Колегова О.Ю., Цвык Г.И., ж.б. Ошондой эле, Евразия мейкиндигиндеги билим берүү алкагындагы ШКУУнун ролу жөнүндө Г. П. Иванова, О. К. Логвинова, Е. С. Белукова, Л. И. Ефремова, Р. Г. Федоров, Т. Л. Гурулева, Н. И. Бедареванын илимий макалаларында анализ беришкен.

Кытайдын тышкы саясатын ишке ашырган, Конфуций институттарын жана маданий дипломатия тараткан «жумшак күч» саясатын, Конфуций институтунун түйүнүнүн жайылышы жана өнүгүүсүн, “Бир алкак, бир жол” долбоорлорун изилдеген орус окумуштуулардын катарында С. Г. Лузянин, А. А. Забелла, Е. В. Журавлева, Н. В. Хисамутдинова, Е. А. Антюхова, С. В. Михневичтин ж.б. киргизсек болот.

АКШнын изилдөөчүлөрүнүн эмгектеринде Борбордук Азия региону бир же эки мамлекеттин көзөмөлүндө болбостон, эл аралык уюмдардын интеграциялык өнүгүүсүнө катышуусу көбүрөөк эффективдүү жана ШКУнун ишмердүүлүгүндө Россия менен Кытайдын таасирдүүлүгүнүн өсүп жаткандыгы жөнүндөгү пикирлер да арбын кездешет. Ал эми, орус окмуштууларынын эмгектеринде ШКУнун алкагындагы маданий-гуманитардык ишмердүүлүк, айрыкча билим берүү, илим жана туризм тармагындагы кызматташуусун өнүктүрүүдө, уюмдун мүчө мамлекеттеринин, анын ичинде Кыргызстандын кызыкдар экендиги белгиленип келет.

Маселени изилдөөнүн тарыхнаамасынын *экинчи тобуна* Азия өлкөлөрүнүн окумуштууларынын, изилдөөчүлөрүнүн илимий эмгектери кирди.

Кытайдагы Фудан университетинин (Шанхай) эл аралык мамиле институтунун профессору, Ал ШКУ, Россия жана БАны изилдөө борборунун жетекчиси, Кытайдын белгилүү саясат таануучусу Чжао Хуашэндин биз изилдеп жаткан маселе боюнча бир топ эмгектери жарыкка чыккан. Бул окумуштуунун эмгектеринде Борбор Азия, ШКУ өлкөлөрүнүн регионалдык интеграция көйгөйлөрү жана көптөгөн маселелер талданат.

Ал эми изилденип жаткан тема боюнча кытайдын бир топ окумуштууларынын, саясат таануучуларынын орус тилиндеги эмгектери бар. Алар Чжан Веньвэйдин, Чжоу Цзюнь, Лян Чжэньпэндин, Цзяо Ицян, У Юйяо, Чжао Фэнцай, Лю Яньдун, Чжао Синь, Ши Даньдань ж.б. Алардын эмгектеринде Кытайдын XXI к. БАдагы маданий дипломатиясы, кытай

маданиятынын жана тилинин эл аралык деңгээлде таралышы, Конфуций институттарынын ишмердүүлүгү, жайылышы жана келечеги туралуу маалыматтар камтылган.

XXI к. башында КЭРдин учурдагы тышкы саясий стратегиялык негизин түзгөн «Гармониялык тынчтык”, “Бир алкак, бир жол” концепциялары жакшы талкууга алынган. Бул маселелерди изилдеген окумуштуулар КЭР тышкы саясатта биргелешкен өнүгүү, өз ара пайдалуу жана жакшы коңшулук принцибин карманарын белгилешет. Бул концепциялардын ишке ашырууда БА өлкөлөрү маанилүү орунда экендиги тууралуу жазылган эмгектер арбын. Алсак, Лю, Яньдун, Сун, С, Чжун Цзаньпин, Цин Юйцай, Чжоу Гупин, Ло Вэй ж.б.

Көпчүлүк кытай илимпоздорунун изилдөөлөрүндө Кытайдын тышкы саясатын ишке ашыруудагы ролуна басым жасалган. Кытайдын ШКУнун алкагындагы коңшу өлкөлөр менен көп тараптуу жана эки тараптуу кызматташуусундагы жакын өнөктөштүк мамилелери белгиленүүдө. Ошондой эле, ШКУнун алкагындагы кызматташтыктын негизги тармагы болуп коопсуздук жана экономика гана эмес, маданий-гуманитардык байланыштар да эсептелинэри жазылат.

Индия менен Пакистандын ШКУда байкоочу статусун алышы менен бул мамлекеттерде активдүү изилдөөлөр башталган. Учурда учурда аталган эки мамлекет ШКУга мүчө катары таанылган. Уюмдун түзүлүшүн жана өнүгүшүн, кызматташтык багыттарынын кеңейишин изилдеген *Индиянын* бир катар окумуштуулары бар. Алсак, Ниведита Дас Кунду жана Мина Сингх Рой. Алар аймактагы коопсуздук маселелерин жана уюмдун ишмердүүлүгүн изилдешкен.

Ал эми *Пакистандын* окумуштуулары Захид Али Кхан, Мухаммад Саиф ур Рехман и Рауф Сарват уюмдун ишмердигине алгылыктуу маанидеги көз караштарын жазышкан. Эмгектеринде Пакистандын ШКУнун алкагындагы мүчө мамлекеттер менен кызматташуусун талдаган.

Изилденип жаткан тема боюнча, *япон* изилдөөчүлөрү Борбордук Азиядагы Кытайдын таасири жылдан жылга бекемдеп жатышы талдашкан. ШКУнун ишмердүүлүгү туралуу япон изилдөөчүлөрүнүн илимий макалалары жарык көргөн. Томоко Симамура, Фумихико Камата ж.б. эмгектери ШКУнун түзүлүшүнүн тарыхы, кызматташтык чөйрөлөрүнүн кеңейүүсүнө жана Кытайдын "жумшак күч" стратегиясы, идеологиялык аспектилерине арналган.

Изилденип жаткан маселенин тарыхнаамасынын экинчи тобунда Борбордук Азия республикаларындагы окумуштуулардын, аналитиктердин, саясат таануучулардын изилдөөлөрү да каралган.

ШКУнун ишмердиги жана уюмдун алкагындагы маданий-гуманитардык кызматташуу маселелерине арналган илимий изилдөөлөр Борбордук Азия өлкөлөрүнүн ар биринде изилдене баштаган. Казак Республикасында уюмдун иш аракеттерди изилдеген казак окумуштууларынын эмгектери арбын. Алардын катарында саясат таануучу, тарыхчы окумуштуулар Ж. Керипжанов, Н.Мухаметханулынын, Е.Керимбаев, А. Тургенбай, З. Набижанкызынын ж.б. эмгектери бар. Алардын изилдөөлөрүндө ШКУнун

алкагында Борбордук Азия республикаларынын, РФнын жана Кытайдын ортосундагы заманбап мамилелер, уюмдун кызматташуу чөйрөлөрү, анын ичинде ШКУнун мүчө мамлекеттеринин маданий-гуманитардык ишмердүүлүгү чагылдырылган.

*Өзбекстан Республикасында* аталган маселе боюнча жоон топ окумуштуулардын мектеби калыптанган. Алар А.Х.Ходжаев, Ф.Толипов Г.Б. Исмаилова, Ф. Назарова, Р. Нуримбетов ж.б. Алардын эмгегинде уюмдун ишмердүүлүгүнүн кеңейишинин келечеги тууралуу көз караштары берилген.

ШКУнун уюшулушунун башатында турган мамлекеттердин бири *Тажикстан Республикасында* уюмдун ишмердигин, мүчө мамлекеттер менен болгон эки тараптуу жана көп тараптуу кызматташууларын изилдеген бир топ тажик окумуштуулары бар. Алар: Р. Алимов, Ш. Д. Бобоев, Х. Холикназаров, З. А. Дадабаева ж.б.

Жалпысынан, Азия мамлекеттериндеги көпчүлүк окумуштууларынын изилдөөлөрүндө мүчө мамлекеттердин стратегиялык милдеттерин чечүүдө ШКУнун алкагындагы кызматташуулардын маанилүүлүгү аныкталат.

Изилденип жаткан маселенин тарыхнаамасынын үчүнчү тобунда Кыргыз Республикасынын илипоздорунун, саясат таануучуларынын, аналитиктердин ж.б. изилдөөлөрү каралды.

ШКУнун тарыхына байланыштуу жана Кыргызстандын ички жана тышкы саясатынын тарыхындагы маанилүү окуяларын талдаган ата мекендик тарыхнааманын эмгектери арбын. Кыргызстандын тарыхын жана тышкы саясаттагы окуялардын аспектилерин изилдеген алдыңкы кыргыз окумуштуулары, аналитиктери, саясат таануучулары: М. Иманалиев, Каана Айдаркул, А. Кылычев, Н. Омаров, А. Акунов, Ө. Осмонов, Н. Эсенгулов, А. Ормушев, Б. Абытов, Ж. Омурова, А. Джоробекова, Муса кызы Алина ж.б.

Кыргыз Республикасынын Кытайдагы биринчи атайын жана толук ыйгарымдуу элчиси болгон, белгилүү окумуштуу кытай таануучу – М. С. Иманалиевдин илимий-аналитикалык эмгектеринде Кытайдын жана ШКУнун Борбордук Азиянын анын ичинде Кыргызстандын ички тышкы саясатын жакшы анализденген.

Ошондой эле, эгемендүү Кыргызстандын Борбордук Азиядагы жана эл аралык өнүгүүдөгү ордуна жана ролуна талдоо жүргүзгөн окумуштуулардын ичинен Н. М. Омаровдун бир нече эмгектери бар. Кыргызстандын тышкы саясий абалын жана өнүгүүсүн чагылдырууда олуттуу маселелерди камтыгандыгы менен баалуу.

А. Кылычев менен Ж. Омурованын илимий монографиясы Кыргыз Республикасынын ШКУ алкагындагы тарыхый өнүгүү этаптарынын ар тараптуу багыттарын изилдөөгө арналган. Борбордук Азия республикалары анын ичинде Кыргызстандын геосаясий, геоэкономикалык, транзиттик, коопсуздук абалы чагылдырылган. Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы коопсуздук, экономикалык жана маданий - гуманитардык ж.б. алакалары каралган.

ШКУнун маданий-гуманитардык кызматташтыгын, уюмдун алкагында мүчө мамлекеттердин билим берүү, илим, коопсуздук тармагын изилдеген Кыргызстандын окумуштуулары Д. В. Малютиндин, Ж. Нишарапованын эмгектери бар.

Мындан тышкары Кыргызстанда ШКУнун ишмердүүлүгүнө арналган бир нече эл аралык конференциялар, форумдар өткөрүлүп материалдар жарык көргөн.

Жогорудагы эмгектер жазылып жаткан диссертациялык иште Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы маданий-гуманитардык кызматташуусун мүнөздөөдө жана салыштырмалуу анализ берүүдө салымын кошту. Жалпысынан алганда, Кыргызстандын аймактык интеграциясы, аталган уюмдун алкагындагы Кыргызстандын маданий-гуманитардык чөйрөсүндөгү кызматташуу көйгөйлөрүн талдоодо тийиштүү көңүл бурулбаганын ырастоого мүмкүндүк берет. Азыркы тышкы саясаттын тарыхындагы бул көйгөй боюнча изилдөө солгун экендиги аныкталган.

Диссертациянын экинчи бабы **“Илимий изилдөөнүн методологиялык жана булактык негиздери”** деп аталып эки бөлүмдөн турду**.**

Бул баптын **“Объект жана предмет. Методология жана изилдөө ыкмалары”**деп аталган биринчи бөлүмүндө диссертациялык иштин объектиси, предмети, негизги методдор жана методология каралган.

Изилдөөнүн *объектиси* катары Кыргыз Республикасы менен Шанхай кызматташтык уюму каралды.

Илимий иштин *предмети* катары ШКУнун алкагындагы маданий-гуманитардык кызматташтык маселелеринин жөнгө салынышы, негизги багыттарын талдоо болду.

Кыргызстан менен ШКУга мүчө мамлекеттердин ортосундагы маданий-гуманитардык кызматташуусун изилдөөнүн методологиялык негиздерин аныктоодо ыкманын бир нече түрлөрүн көрсөтүп берүү зарыл. Илимий ишти жазууда *эки негизги илимий методологиялык ыкма* колдонулду: Биринчиси, коомдук илимдердеги теориялык жана методологиялык ыкма. Анын ичинен тарых илиминде колдонулуучу – тарыхый-салыштырма, тарыхый-типологиялык ж.б.; Азыркы учурда тарых ж.б. илимдердин алкагында изилдөө жүргүзүү объективдүүлүк, тарыхыйлуулук (историзм), салыштыруучулук, типологиялык, далилдөөчүлүк ж.б. ар тараптуу илимий ыкмалар да колдонулат.

*Экинчиси,* саясат таануу жана эл аралык мамилелерди изилдөөчү илимий методология. Айрыкча азыркы саясат таануу илиминде эл аралык мамилелер чөйрөсүндө, аларды талдоодо орус окумуштуулары Богатуров-Хрусталев мектеби дайыма системалуу мамилени колдонгон. Россиянын чыгыш таануучулары А. Д. Воскресенский, Е. В. Колдунова, А. А. Киреева белгилегендей: “Татаал системалардын жүрүм-турумун алардын ички жана тышкы чөйрөлөрдүн туруксуздугуна жогорку сезгичтигинен улам алдын ала айтууга мүмкүн эмес. Ошондуктан, эл аралык реалдуулуктун шарттарында мамилелерди жана алардын андан аркы өнүгүүсүнүн векторлорун аныктоо жана калыптанып калган мамилелерди калыптандыруу, алардын өнүгүүсүн

жагымдуу багытка багыттоо гана мүмкүн". Демек, саясат таанууда, өзгөчө эл аралык мамилелер чөйрөсүндө фактордук анализди кеңири колдонуу маанилүү. Жогоруда көрсөтүлгөн фактордук анализ изилденип жаткан иште ар бир параграфка олуттуу мүнөздөмөлөрүнө анализин берүүдө жана жыйынтыктарын жазууда жардам берди.

Булардан тышкары кырдаалды талдоо; экспликативдик методдор; прогностикалык методдору; чечимдерди талдоо илимий ишти жазууда негизги орунду ээледи. Жогоруда айтылган ыкмалар Кыргызстандын ШКУга мүчө мамлекеттер менен болгон көп тараптуу жана эки тараптуу маданий-гуманитардык мамилелерин изилдөөдө жана тиешелүү тыянактарды чыгарууда маанилүү роль ойноду.

Экинчи баптын **"Илимий изилдөөнүн булактары"** деп аталган экинчи бөлүмүндө диссертациялык иште колдонулган булактар беш топко бөлүнүп талдоого алынды:

*Биринчи топко* - Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана ШКУнун расмий, укуктук–ченемдик документтери:

- Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүн бекемдеген расмий документтери, жана КРдин Тышкы саясий концепциясы. Булактардын бул тобунун баалуулугу алардын Кыргыз Республикасынын тышкы саясатынын стратегиясынын эволюциясын аныктоого мүмкүндүк бергендигинде.
- КРдин ШКУнун толук кандуу мүчөсү катары таанылгандан кийин уюмдун мүчөлөрү тарабынан кабыл алынган документтер, декларациялар жана конвенциялар. Ошондой эле ШКУнун укуктук – ченемдик документтери: ШКУнун Хартиясы. Хартияда ШКУнун максаты, мүчө мамлекеттердин милдеттери жана принциптери каралган.

Кыргыз Республикасынын (КР) эгемендүүлүгүн бекемдеген расмий документтери, жана КРдин Тышкы саясий концепциясы. Мындан тышкары КРдин ШКУнун толук кандуу мүчөсү катары таанылгандан кийин уюмдун мүчөлөрү тарабынан кабыл алынган документтер, декларациялар жана конвенциялар. Ошондой эле ШКУнун укуктук – ченемдик документтери: ШКУнун Хартиясы. Хартияда ШКУнун максаты, мүчө мамлекеттердин милдеттери жана принциптери каралган.

*Экинчи топтогу булактарга* ШКУга мүчө мамлекеттердин маданий-гуманитардык алкактагы ишмердигин чагылдырган расмий документтер, меморандумдар, конвенциялар жана келишимдери кирди;

*Үчүнчү топтогу* булактарга ШКУга мүчө мамлекеттердин президенттердин, премьер-министрлердин, тышкы иштер министрлердин жана дипломат, өкүлчүлүктөрдүн маданий-гуманитардык кызматташтыкты демилгеген жана колдогон маектери, билдирүүлөрү кирди. Мамлекет башчыларынын, премьер-министрлердин, тышкы иштер министрлердин жана дипломат, өкүлчүлүктөрдүн ШКУнун маданий-гуманитардык ишмердиги жөнүндө берген билдирүүлөрү жана интервьюлары анализденилди;

*Төртүнчү топто* - Кыргыз Республикасынын Президенттик архивинин материалдары, ШКУга мүчө мамлекеттердин маданий-гуманитардык алкактагы

министрликтердин (Билим берүү жана илим, Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты, Саламаттыкты сактоо, Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл), экономика ж.б. КРдин жооптуу органдарынын (Туризм департаменти) маалыматтары, Улуттук статистика комитетинин электрондук сайттагы маалыматтары каралып талдоого алынды.

*Бешинчи топто* - ШКУнун маданий-гуманитардык ишмердиги чагылдырылган массалык маалымат каражаттарында жарыяланган жана жарыяланбаган материалдар кирди. Диссертацияда абройлуу дүйнөлүк журналдарда жана мезгилдүү басылмаларда жарыкка чыккан аналитикалык маалыматтар колдонулду. Алардын катарын: "Центральная Азия и Кавказ", "CONCORDE", "Международная жизнь", "The Caspıan regıon: Politics, Economics, Culture", "Азиатско-Тихоокеанский регион: экономика, политика, право" журналдары жана "КиберЛенинка" деп аталган электрондук онлайн журналында жарыяланган макалалар толуктады.

ШКУга мүчө өлкөлөрдүн гезиттериндеги, журналдарындагы, аналитикалык борборлорунун жана маалымат агенттиктеринин веб-сайттарындагы, ШКУнун жана чет өлкөлүк өнөктөштөрдүн веб - сайттарындагы кеңири материалдар, ШКУнун айрым дипломатиялык академияларындагы, илимий мекемелердин жана университеттердин электрондук китепканаларындагы маалыматтар диссертациянын маңызын чагылдырды.

Натыйжада, Кыргызстандын ШКУнун алкагындагы маданий-гуманитардык ишмердүүлүгүнүн тарыхын ар тараптуу изилдөөгө салым кошкон тарыхый ж.б. булактар сунушталган диссертациянын максатын жана милдеттерин ачып берүүгө мүмкүнчүлүк түздү.

Диссертациянын үчүнчү бабы **"Кыргызстандын Шанхай кызматташтык уюмунун мамлекеттери менен маданий-гуманитардык алакаларын талдоо"** деп аталат.

**"Маданий-гуманитардык кызматташтыгынын концептуалдык жана укуктук-ченемдик негиздери"** деп аталган биринчи бөлүмдө уюмдун алкагындагы маданий-гуманитардык алакалардын башталышы, укуктук-ченемдик документтери каралган.

Эреже катары, эл аралык уюмдардын гуманитардык кызматташуу чөйрөсүнө билим берүү, маданият, илим жана техника, туризм, дене тарбия, журналистика, гуманитардык жардам ж.б. кирет. Белгилүү америкалык окумуштуу С. Хантингтон: "Маданий иденттүүлүк эл аралык мамилелерде абдан маанилүү ролду ойнойт, ал адамзат коомунун конденсацияланышынын негизи, башкача айтканда, маданият ар кандай элдердин бири-бирин оңой түшүнө турган "көпүрөнүн" ролун аткарат" деп жазган. Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй окшош цивилизацияга ээ болгон өлкөлөрдө саясий жана экономикалык кызматташтык жаатында өз ара ишеним жеңилдейт. Кыскасы, башка элдин тилин, каада-салтын жана жалпы маданиятын билүү аркылуу башка улуттун маданиятын жакшы кабыл алуу, башка элдерге карата

толеранттуу мамиленин калыптанышынын натыйжасында элдин, улуттун ортосунда ишеним пайда болот.

Демек, ШКУнун ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарынын бири маданий-гуманитардык кызматташтык экендиги белгиленген. Бул уюмдун уставдык документинде – Хартияда "уюмга мүчө мамлекттер ортосунда илим жана техника, билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият, спорт жана туризм тармагында өз ара аракеттенүүнү кеңейтүү" жөнгө салуу маанилүү деп жазылган.

Маданий-гуманитардык кызматташтык аркылуу мамлекеттер жана уюмдар эл аралык аренада кадыр-баркка ээ болуп, өздөрү жөнүндө оң абройун жаратышат. Аталган кызматташтыктын алкагында маданий борборлорду уюштуруу, мекендештер менен иштөө, чет өлкөлүктөрдү жумушка тартуу аркылуу өлкөлөр өз маданиятын жайылтууга мүмкүнчүлүк ала алышат. Өз кезегинде, бул маанилүү финансылык инвестицияны талап кылат. Эл аралык аренадагы ири мамлекеттер маданий – гуманитардык кызматташуунун маанилүүлүгүн түшүнүп, көп каражат жумшап келишет.

2001-жылы ШКУ уюшулгандан кийин кийин кызматташтыктын негизги чөйрөлөрүнүн бири маданий - гуманитардык деп жарыяланган. Ушул эле жылы Шанхай шаарында өткөн алты мамлекеттин башчыларынын жолугушуусунда катышуучу өлкөлөрдүн маданият министрлеринин жолугушуусун өткөрүү жана маданий иш-чаралардын программасын иштеп чыгуу чечими кабыл алынган. 2002-ж. 12-апрелде Пекинде биринчи жолу ШКУнун мүчө мамлекеттеринин маданият министрлеринин жолугушуусу болуп, анда маданий кызматташуунун механизмдерин камтыган биргелешкен билдирүүгө кол коюлган. Маданий кызматташуунун маанилүү түрлөрүнө: маданий майрамдарды, искусство фестивалдарын, көркөм сүрөт көргөзмөлөрүн, шаарлардын күндөрүн (жумаларын), өлкөнүн жылдарын ж. б. киргизишкен. 2002-жылдан кийин мындай жолугушуулар туруктуу негизде өткөрүлүп келген жана алардын ар бири маданият багытындагы белгилүү бир кабыл алынган макулдашуулар менен белгиленген. 2005-жылы Астанада болуп өткөн ШКУнун мүчө мамлекеттеринин маданият министрлеринин экинчи жолугушуусу жана маданий кызматташтык маселелери боюнча Эксперттик жумушчу топтун түзүлүшү маданий чөйрөдөгү кызматташууну андан ары тереңдетүүгө түрткү болгон. Анткени, жолугушуунун жыйынтыгында кийинки 2005-2006-жж. карата көп тараптуу маданий кызматташтыктын планы бекитилген. Ошондой эле, 2005-жылдын жай мезгилиндеги Казакстанда уюштурулган мүчө мамлекеттердин искусство фестивалдарынын ийгиликтүү өтүшүн белгилөө менен жыл сайын үзгүлтүксүз түрдө өткөрүүнү демилгелешкен. Ошол күндөн таптып, аталган кызматташтык боюнча бир нече иш чараларды уюштуруп келет. Маданий чөйрөдөгү ШКУнун эң маанилүү жана масштабдуу иш-чаралары «Искусство фестивалы», Кыргыз Республикасынын Чолпон-Ата шаарында өткөрүлүп жаткан «Ысык-Көл кинофестивалы», "Балдар жомокторду тартышат" көргөзмөсү, «ШКУ өлкөлөрүнүн маданият күндөрү», “ШКУнун

тогуз сыйкырдуу нотасы”, “ ШКУнун сегиз керемент”, “ШКУнун спорт марафону” жана "Чыгыш обондору" эл аралык музыка фестивалы саналат.

Маданият тармагындагы кызматташуунун келечегине кадам таштаган негизги документтер 2007-жылдын 16-августунда Бишкек шаарында кабыл алынган. Алар: 1. ШКУга мүчө мамлекеттердин өкмөттөрүнүн ортосундагы маданият жаатындагы кызматташтык жөнүндө макулдашуу. 2. ШКУнун мүчө мамлекеттеринин узак мөөнөттүү коңшулук, достук жана кызматташтык келишими. Аталган келишимдер уюмдун алкагындагы маданий багыттагы көп тараптуу жана эки тараптуу өз ара кызматташуусун жөнгө салуучу негизги документ болуп саналат.

Маданий багытыттагы кызматташтыктын маанилүү документи болуп 2012-ж. июнь айындагы Пекин шаарындагы мүчө-мамлекеттердин маданият министрлеринин кеңешмесинде кабыл алынган Пекин декларациясы саналат. Пекин декларациясында маданий кызматташтыктын негизги багыттары, формалары жана келечеги аныкталган.

Кыскасы, 2008-жылга чейин аталган уюмдун укуктук негиздери түптөлүп, маданий кызматташуу чөйрөсүндө туруктуу негизде өткөрүлүп жаткан маданият министрлеринин жолугушууларынын – эксперттик механизмдери түзүлгөн. Ал эми, 2009-2022-жылдары ШКУнун алкагында маданий кызматташтыктын укуктук базасы тарizделип, искусство фестивалдарына, көргөзмөлөргө жана кинофестивалдарга катышуу активдешкен.

Үчүнчү баптын **«Кыргыз Республикасынын ШКУга мүчө өлкөлөр менен маданий кызматташтыгынын негизги өңүттөрү жана көйгөйлөрү»** деп аталган экинчи бөлүмүндө маданият багытындагы кызматташтыгы каралган.

Маданият ар дайым өлкөлөрдүн ортосундагы ар түрдүү чөйрөлөрдөгү кызматташтыкты өнүктүрүүгө оң таасирин тийгизет. Ошондой эле, өлкөлөр ортосундагы өз ара түшүнүшүүгө, достукту, коңшулаштыкты жана өз ара пайдалуу кызматташтыкты өнүктүрүүгө салым кошот. Уюмдун өлкөлөрүнүн өзүнө таандык маданияты, үрп-адаттары, каада-салттары, бай тарыхы бар экендигин эске алсак, анда бул сыяктуу кызматташтыктар цивилизациялар диалогунун өнүгүшүнө жол ачат. Уюмга мүчө мамлекеттердин элдеринин биримдигин бекемдөөдө чоң ролду ойнойт. 2002-жылы ШКУнун мүчө мамлекеттеринин маданият министрлеринин кеңешмесинин механизминин башталышы менен мындай жолугушуулар туруктуу негизде өткөрүлүп келген. Алардын ар бири маданият багытындагы белгилүү бир кабыл алынган макулдашуулар менен белгиленет. 2002-жылдан 2024-жылга чейин 21 жыйын өткөрүлүп, мүчө мамлекеттердин маданият министрлери катышкан. ШКУнун маданий ишмердүүлүгүнүн алкагында Кытайдагы "Жибек Жолу" эл аралык искусство, Кыргызстандагы "Арт-Ордо" театры жана Silk Road Fest, Россиядагы "Бердэмлекс Шериктештик" элдик искусство, Тажикстандагы «Чодари хаёл» аталышындагы эл аралык куурчак театрынын фестивалдарын өткөрүлгөн. Уюмдун алкагында "Түстүү дүйнө" аттуу балдардын онлайн сүрөт

көргөзмөсү уюшулган, анда ШКУ өлкөлөрүнүн тарыхы жана маданияты, алардын коңшулук мамилелери тууралуу 100гө жакын балдар сүрөттөрү коюлган.

Мындан тышкары, ШКУнун катчылыгы тарабынан уюмдун маданий-гуманитардык ишмердүүлүгүнүн алкагында бир катар иш — чаралар уюштурулган. Алсак, "ШКУ-биздин жалпы үйүбүз" долбоору, мүчө мамлекеттердин белгилүү пианисттеринин аткаруулары менен "Тогуз сыйкырдуу нота" музыкалык кечелери, ошондой эле спорттук-ден соолукту чыңдоо долбоору "ШКУ марафону". «ШКУ жана Жибек Жолундагы мамлекеттеринин маданий-интеграциялык борбору (МИБ)» коомдук фондун түзүлгөн. Мүчө мамлекеттер Кыргыз Республикасы тарабынан сунушталган долбоорду колдошкон. Аталган коомдук фонддун туруктуу кеңсеси Бишкекте жайгашкан. МИБдин биринчи долбоорлору катары "Жибек Жолунун маданий алкагынын эл аралык кербени", "ШКУ жана Жибек Жолунун өлкөлөрүнүн эл аралык спорттук оюндары" аныкталган. Долбоорлорду учурдагы «Ысык-Көл спорттук оюндарынын» форматында жана масштабын кеңейтүү менен ШКУ жана Жибек Жолунун өлкөлөрүнүн эң ири спорттук иш-чараларынын бирине айландыруу жолу менен ишке ашыруу сунушталган. Мындай жогорку деңгээлдеги долбоорлорду ишке ашыруу Кыргыз Республикасына ШКУнун маданий интеграциясынын масштабдуу эл аралык демилгелеринин борбору болууга мүмкүндүк берет.

Ошону менен катар уюмдун алкагындагы мүчө мамлекеттердин ар тараптуу байланыштарын туруктуу чагылдырып келген *массалык маалымат каражаттары (ММК)* да маданий багыттагы кызматташууда маанилүү ролду ойнойт. Азыркы дүйнөдө ММК маданияттардын өз ара карым-катнашын жана эл аралык байланышты камсыз кылып, эл аралык мамилелерди жөнгө салуунун негизги инструменттеринин бири катары иш алып барат. Кытай менен Кыргызстан да ММК, телекөрсөтүү жана радио тармагында кызматташууну өнүктүрүп жатышат. Кыргызстандын мамлекеттик телеканалдары (КТРК жана ЭлТР) Кытай тууралуу берүүлөрдү үзгүлтүксүз көрсөтүп турат. Мисалы, Кытай экономикасынын өнүгүшү жана маданиятынын өзгөчөлүктөрү тууралуу “Кытайга саякат” («Жунгого сапар») программасында, Кыргызстандын "Кабар" улуттук маалымат агенттиги Кытай элчилигинин каржылык колдоосу менен ишке ашат. Кыргызстанда Кытайдын Мамлекеттик "Синьхуа" маалымат агенттиги үчүн атайын жаңылыктар түйүнү ачылган. Аталган программа 2017-ж. январь айынан тартып бүгүнкү күнгө чейин көрсөтүлүп келет. Ошондой эле «CCTV Русский» алышындагы орус тилинде чагылдырылган Кытай эл аралык телеканалы бар.

Экологиялык балансты сактоо, суу-энергетикалык ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу, жерлердин чөлгө айланышынын алдын алуу багыттарында кызматташууну өнүктүрүү боюнча 2004-ж. макулдашылган. Бул чөйрөдөгү кызматташтык ШКУнун тиешелүү эксперттик топтору 2006-жылдан үзгүлтүксүз жолугушууларды өткөрө баштагандан тартып андан ары өнүгө баштаган.

Ал эми туризм багытындагы кызматташууну кеңейтүүнү алгач Кытайдын премьер-министри Вэнь Цзябао 2005-жылдын октябрында Москвада өткөн ШКУга мүчө өлкөлөрдүн өкмөт башчыларынын жыйынында демилгелеген. Анын айтымында туризм тармагындагы кызматташтыктын маанилүүлүгү үчүн "Жибек Жолу экономикалык алкагы" концепциясы негиз боло алат. 2019-жылы уюмдун катчылыгы "ШКУнун сегиз керемети" иш-чарасын демилгелеген. Аталган долбоор мүчө мамлекеттерде бирдиктүү туристтик мейкиндикти түзүү жана дүйнөгө уюмдун өлкөлөрүнүн маданий мурасын, туризмин өнүктүрүүнүн ар түрдүүлүгүн жана жогорку деңгээлин таанытуу болгон.

Мүчө мамлекеттердин маданий кызматташтыгы чыгармачыл жамааттардын фестивалдарга катышуусу менен гана чектелбестен, маданий – гуманитардык багыттагы алакалардын чөйрөсүнүн көп түрдүүлүнө да өбөлгө түзүп келет. Аталган иш-чаралар Кыргызстан үчүн Евразия мейкиндигинде жайгашкан мамлекеттердин арасында өз маданиятыбызды жайылтууга шарт түзүү менен гана чектелбестен, ШКУнун мүчө мамлекеттери менен эки тараптуу жана көп тараптуу мамилелерди бекемдөөгө да өбөлгө түзөт десек болот.

Төртүнчү бап “**Шанхай кызматташтык уюмунун алкагындагы Кыргызстандын мүчө мамлекеттер менен гуманитардык интеграциясы”** деп аталат. Анын “**ШКУнун алкагында Кыргызстандын билим берүү, илим жана саламаттыкты сактоо тармагындагы интеграциялык жүрүмдөрү**” деп аталган биринчи бөлүмүндө гуманитардык кызматташтыктын артыкчылыктуу багыттары: билим берүү, илим жана саламаттыкты сактоо чөйрөсүндөгү интеграциясы талдоого алынган.

*Билим берүү* чөйрөсүн өзүнө камтыган гуманитардык кызматташтык коомдун өнүгүүсүнүн негизинде мүчө мамлекеттердин элдеринин ортосундагы узак мөөнөттүү, туруктуу, түбөлүк достукту камсыз кылууга тийиш. 2006-жылдын 15-июнунда Шанхайда ШКУга мүчө мамлекеттердин өкмөттөрүнүн ортосунда билим берүү багытындагы көп тараптуу кызматташуусу боюнча макулдашуу кабыл алынган. Ушул эле жылы биргелешкен аракеттерди координациялоо үчүн аталган уюмдун мүчө мамлекеттеринин билим берүү министрлеринин кеңешмелеринин механизми жана туруктуу иштөөчү эксперттик тобу түзүлгөн. Аталган макулдашуу уюмдун алкагындагы Университет, Жаштар кеңеши жана Жаштар Форуму сыяктуу жаңы институттардын түзүлүшүнө алып келген. 2008-жылдан тартып “Алдыңкы университеттердин ректорлорунун форумдары”, "ШКУга мүчө мамлекеттердин билим берүү жумалыгынын" жана 2009 – жылдан тартып бүгүнкү күнгө чейин мүчө мамлекеттердин мамлекеттик кызмат академияларынын ректорлорунун форумдары үзгүлтүксүз өткөрүлүп турат. 2008-2020-жылдары ШКУнун билим берүү жумалыгынын алкагында 13 жолугушуу өткөн.

Уюмдун алкагындагы дагы бир багыт илимий-техникалык кызматташуу болуп саналат**.** Мүчө-мамлекеттердин билим берүү жана илим министрликтери менен жогорку квалификациялуу адистерди, аспиранттарды, докторанттарды

даярдоо жана окуу - методикалык адабияттарды жеткирүү багыттарында иштер жүргүзүлүүдө. Кыргыз Республикасынын Илимдер Академиясы Россиянын Илимдер Академиясы, Кытай коомдук илимдер Академиясы ж.б. менен биргелешкен илимий изилдөө жүргүзүп келет.

Ал эми 2007-жылы Бишкекте өткөн ШКУнун саммитинин алдында Кытайдын төрагасы Ху Цзинтаонун Кыргызстанга болгон иш сапарынын алкагында илимий долбоор тууралуу макулдашуулар жүргүзүлгөн. Конфуций институтун түзүү боюнча макулдашууга расмий кол коюу аземи 2007-жылдын 27- октябрында болуп өткөн. Эки мамлекеттин ортосундагы илимий кызматташтыктын дагы бир жетишкендиги Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратына караштуу "Мурас" фонду аркылуу ишке ашып жатат. Бишкек менен Пекиндин тарых илими багытындагы кызматташтыгын чыңдоо максатында, байыркы доордогу кытай жазма булактарын калыс изилдөө жана эки тараптуу кызматташтыктын жемиштерин жарыялоо белгиленген. Долбоор Пекин шаарындагы Коомдук Илимдер Академиясы сыяктуу илимий мекемелерден колдоо табып, азыркы күндө долбоордун үстүнөн иштер жүргүзүлүп келет.

Саламаттыкты сактоо багытындагы кызматташтык 2006-жылдан башталган. Калктын санитардык эпидемиологиялык бейпилдигин камсыздоого жооп берген эксперттик топ 2007-жылдын июнунан тартып иштей баштаган. Ал эми саламаттыкты сактоо министрликтеринин ага кызматкерлеринин тобу 2008-жылдан азыркы мезгилге чейин кызматташуусун улантып келет. 2009-жылдын октябрында Пекинде өткөн ШКУга мүчө мамлекеттердин Өкмөт башчылар кеңешинин (премьер-министрлеринин) жыйынынын жүрүшүндө ШКУ мейкиндигинде жугуштуу ооруларга каршы күрөшүү боюнча биргелешкен билдирүүнү кабыл алуу саламаттык сактоо жаатындагы маанилүү кадам болуп калды. Анда мүчө мамлекеттердин жугуштуу ооруларга мониторинг жүргүзүү чөйрөсүндө кызматташуу, лабораториялык тармактардын потенциалын өстүрүү, кадрларды даярдоо, ВИЧ-инфекциясына жана кургак учукка каршы күрөшүү ж. б. багыттар боюнча аракеттерди координациялоого умтулуулары чагылдырылган.

Төртүнчү баптын **"ШКУ университетинин түзүлүшү: актуалдуулугу жана өнүгүүсүнүн келечеги"** деп аталган экинчи бөлүмүндө ШКУнун университетинин (ШКУУ) ишмердүүлүгү каралган. 2006-жылдын 15-июнунда мүчө мамлекеттердин өкмөттөрү билим берүү тармагында кызматташуу боюнча келишимге кол коюшкан. 2007-жылдын 16-августунда Россия Федерациясынын президенти В. В. Путин мүчө өлкөлөрдүн мамлекет башчыларынын Бишкектеги саммитинде уюмдун алкагындагы билим берүү долбоорун түзүүнү демилгелеген. Ал эми 2008-ж. 28-октябрында «ШКУ Университетинин Концепциясына» кол коюлган. Концепцияда тармактык окуу жайдын максаттары жана милдеттери берилген. 2011-жылы Москвада ШКУУнун Хартиясы кабыл алынган, анда кызматташуунун негизги принциптери жана багыттары, административдик түзүмү аныкталган. 2014-жылы ШКУУнун сертификаты жана аны ыйгаруунун регламенти бекитилген.

Ошондон бери ШКУУнун сертификатын уюмга мүчө өлкөлөрдөн жүздөгөн студенттер билим алып жатат.

Университет бүгүнкү күндө мүчө мамлекеттердин бир катар даярдоо багыттары боюнча биргелешкен магистрдик программаларды ишке ашыруучу алдыңкы 82 университетти ичине камтыган. Алгач "Чөлкөм таануу", "Экология", "IT-технологиялар", "Энергетика" жана "Нанотехнологиялар" сыяктуу негизги 5 адистик боюнча даярдыктар жүргүзүлгөн. Ал эми 2012-жылы бул тизме "Экономика" жана "Педагогика" багыттары менен толукталган. 2024-ж. 18-апрелинде билим берүү министрлеринин сегизинчи кеңешмесинде даярдоонун дагы жаңы 4 багыты киргизилди: «Агрономия», «Медицина», «Журналистика» жана «Юриспруденция». Аталган адистиктер боюнча долбоорго Кыргызстандын жогорку окуу жайларынан: Н. Исанов атындагы КМКТАУ, Ж. Баласагын атындагы КУУ, Бишкек мамлекеттик университети, Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университети, ОшМУ жана И. Раззаков атындагы КМТУ, К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети жана М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети ж. б. катышып келет.

Учурда ШКУ университети илимий изилдөө борборлорун түзүү, аларга инвестиция салуу менен ар тараптуу өнүгүүгө умтулган ар кандай кесиптеги илимий уюмдарды бириктирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Төртүнчү баптын **“ШКУнун Жаштар кеңешинин ишмердүүлүгү жана мүчө өлкөлөр үчүн стратегиялык мааниси”** деп аталган үчүнчү бөлүмүндө Жаштар кеңешинин уюшулушу жана ишмердүүлүгү каралган. ШКУнун жаштар кеңешинин негизги максаты - уюмдун саясатынын үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу менен бирге анын миссиясын ишке ашырууга салым кошо турган жаш инсанды тарбиялоо. 2009-ж. 2-5-майында Екатеринбургдагы мамлекет башчыларынын жолугушуусунда Жаштар кеңеши уюшулган.

2018-жылдын 10-июнунда Циндао шаарындагы мамлекет башчыларынын кеңешмесинде жаштар кеңешинин *Программасы* кабыл алынган. Ар жылдык пландардын негизинде "ШКУ жаштар картасы", ШКУ мейкиндигинде жаштар бизнес-инкубатору, ШКУ өлкөлөрүнүн эл аралык жаштар маалымат агенттигинин долбоорлору ишке ашырылууда, ШКУ өлкөлөрүнүн жаш лидерлеринин форуму, студенттик форумдар, семинарлар, жаштар лагерлери уюштурулууда. Аталган уюмдун мейкиндигинде кыргыз жаштары да активдүү иш алып барышат. Уюмдун Жаштар кеңешинде биздин өлкөнүн өкүлү болуп «Кыргызстандын жаштар коомдук кеңеши» саналат. Кыргызстанда Ысык - Көлдүн жээгинде алгачкы жолу уюштурулган (2013-жылдын 25–27- январь күндөрү) уюмдун Жаштар Кеңешинин отурумунда "ШКУ өлкөлөрүндөгү туризмди өнүктүрүү" деп аталган форум өткөрүлгөн. Ал эми 2019 -ж. 13-июнунда Кыргыз Республикасынын төрагалыгынында болуп өткөн уюмдун жыйынында бир катар массалык иш-чаралар уюштурулган.

Жыйынтыктап айтканда, уюмдун алкагында билим берүү жана илимий алакалар белгилүү бир жолду басып өткөндүгүн жана көрүнүктүү жетишкендиктерге ээ экендигин белгилей кетүү зарыл. ШКУнун келечектеги

жашосу үчүн Жаштар кеңешинин ишмердүүлүгүнүн стратегиялык мааниси өтө жогору. Анткени, бул кенештин уюмдун байланыштарын түзүүгө, улантууга, долбоорлорун сунуштоодо жана жайылтууда кеңири мүмкүнчүлүктөргө ээ.

## КОРУТУНДУ

Кыргыз Республикасынын ШКУнун өлкөлөрү менен учурдагы жүргүзүп жаткан жалпы жана жигердүү маданий-гуманитардык кызматташтыгы өлкөбүздүн көп тарамдуу жана тынчтыкка багытталган прагматикалык дипломатиялык саясатынын күзгүсү болуп саналат.

Диссертациялык эмгегибизде Кыргызстандын ШКУ өлкөлөрү менен болгон алакаларынын бир гана өңүтү – маданий-гуманитардык багыт гана талданганына карабастан, изилдөөбүз Кыргызстан менен ШКУнун жалпы кызматташтыгынын зарылчылыгын ачып берүүгө аз болсо дагы өз салымын кошо алды деп үмүттөнөбүз.

Диссертациялык иште жалпысынан төмөнкүдөй өңүттөр талдоого алынды:

1. Ата мекендик жана чет өлкөлүк тарыхнаамаларды талдоонун, изилдөөчү тарабынан тарыхый булактардын жаңы топтомун илимий айлампага киргизүүнүн негизинде Кыргыз Республикасынын ШКУга мүчө мамлекеттер менен маданий-гуманитардык кызматташтыгынын мезгилдүүлүгү түзүлүп, ал үч этапка бөлүндү;

2. ШКУ алкагындагы маданий-гуманитардык кызматташтык маселелери уюм түзүлгөндөн тартып жөнгө салына баштаган. Ал байланыштардын артыкчылыктуу багыттары тастыкталып, ал тармактарда Кыргыз Республикасы ШКУга мүчө өлкөлөр менен менен биргеликте тыгыз кызматташууга белсенип жаткандыгы анализденди**;**

3. Кыргызстандын ШКУнун мүчө мамлекеттери менен болгон активдүү жүргүзүп келген эки тараптуу жана көп тараптуу маданий багыттагы алакалары келечекте элдердин руханий жана материалдык мурастары менен тереңирээк таанышууга мүмкүндүк берет. ШКУнун мамлекеттеринин маданий кызматташуусунда «маданий дипломатия» маселеси олуттуу орунду ээлеп келет. Бирок, ар башка маданиятта жашаган элдердин башын кошкон бул уюмдун ишмердигинде кедерги жараткан бир топ маселелер бар. Ар бир улуттун, мамлекеттин эч нерсеге алмаштырылгыз кылымдан кылымга сакталып келген улуттук баалуулуктары маанилүү орунда турат. Ошондуктан, маданий алаканын бир багыты болгон тарыхый эстеликтерди саткоо, коргоо жаатындагы көйгөй жараткан маселерин эске алуу олуттуу болуп эсептелет.

4. ШКУнун алкагындагы маданий-гуманитардык кызматташууда туризм маанилүү тармак – дүйнөлүк, улуттук экономиканын өнүгүшүнө эл аралык мамилелерди чыңдоого салым кошот. "ШКУнун сегиз керемети" планы мүчө мамлекеттерде бирдиктүү туристтик мейкиндикти түзүү жана дүйнөгө уюмдун өлкөлөрүнүн маданий мурасын, туризмин өнүктүрүүнүн ар түрдүүлүгүн жана потенциалын таанытуу болгон.

5. Билим берүү жана илим тармактары ШКУнун алкагындагы гуманитардык алакалардын негизгилеринен бири болуп саналат. Аталган тармактардагы мамилелер өлкөлөрдүн ортосундагы экономикалык, социалдык жана маданий байланыштарын жогорулатууга көмөктөшөт. Кыргызстан уюмдун мүчөлөрү менен бирге билим берүү, илимий-техникалык жаатта ар тараптуу кызматташтык механизмдеринин форматтарын түздү; Кыргызстандын бир нече окуу жайы ШКУнун университетинин ишмердүүлүгүнө активдүү катышып жатат;

6. ШКУнун келечектеги жашосу үчүн Жаштар кеңешинин ишмердүүлүгү мүчө өлкөлөр үчүн стратегиялык мааниси өтө жогору. Жаштар уюмдун байланыштарын түзүүдө, улантууда, анын долбоорлорун сунуштоодо жана жайылтууда кеңири мүмкүнчүлүктөргө ээ. ШКУнун Жаштар кеңешинин курамына ар бир мүчө-мамлекеттин улуттук жаштар уюмдары кирет: Кыргыз Республикасынан - Кыргызстандын Жаштар коомдук кеңеши; Кыргыз жаштары Жаштар кеңешинин алкагында кыргыз жеринин кооздугун даңазалаган туризм, ошону менен катар илим, билим, спорт тармагындагы кызматташтыкты өнүктүрүүгө салым кошууда.

7. Кыргызстан Кытай менен маданий-гуманитардык кызматташтыкта Жибек жолунун айдыңындагы жайгашкан мамлекеттердин тарыхый маданий мурастарды биргелешип пайдаланууну көздөйт. Ошону менен катар Кытай жарандарынын БА анын ичинде Кыргызстандагы активдүү мадиний жана илимий жаатагы жараяны ШКУ уюмунун ишмердүүлүгү менен тыгыз байланыштуу. Уюмдун 23 жылдык жашоосунда Кытайдын концепцияларын ишке ашырууда негизги таянычы катары чыга алгандыгы айдан ачык. Көптөгөн эксперттер белгилегендей, учурда Кыргызстандын экономикалык, социалдык ж.б. чөйрөсүндөгү ишмердүүлүгүндө Кытайдын таасири жана катышы ар дайым сезилип турат.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1. ШКУ Университетинин алкагында эл аралык тармактык долбоорлорду ишке ашыруу үчүн кытай, орус, англис ж.б. чет тилдерин билген адистерди даярдоосу керек. Университеттин алкагында саламаттыкты сактоо, спорт, туризм, тарых, экономика ж.б у. с. кесиптер боюнча адистерди даярдоосу зарыл. ШКУнун бирдиктүү массалык-маалыматтык бирдиктүү мейкиндигин түзүү шарт.

2. ШКУнун алкагында Улуу Жибек жолунун айдыңында жайгашкан мамлекеттердин тарыхый маданий мурастарын камтыган обьекттерин коргоо боюнча көп баскычтуу жана сапаттуу кызматташуу аянтчаларын түзүүсү зарыл.

3. Уюмдун алкагында Кыргызстандын экономикалык ж.б. жаатында жаңы технологиялар менен камтылган ишканаларды түзүү жана тажрыйба алмашуу мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу маселеси да актуалдуу бойдон калууда. Аларга жаш, тилди жакшы билген улуттук кадралдын тартылуусу олуттуу маселелерден. Кыргыз өкмөтү өз ишкерлерин колдоо жана жаштар менен

иштөө, миграция ж.б. маселелер боюнча протекционисттик саясат жүргүзүп, жаш кадрлардын укуктарын коргоосу абзел;

4. Кыргызстанда ШКУнун ишмердиги жаатында ырааттуу маалымат топтоо үчүн атайын көп тилдердеги интернет барагын ачуу жана илимий китепканаларда атайын электрондук библиографиялык картотекаларды жүргүзүү сунушу берилет;

5. Учурда ШКУ өлкөлөрүнүн кызматташтыгына арналган эл аралык медиа жыйындар өтүп келет, бул тажрыйбаны ШКУнун тарыхын жана азыркы абалын иликтеген ар кыл тармактардагы илимпоздордун жамааттары үчүн дагы колдонуу маанилүү.

**Диссертациянын темасы боюнча жарыяланган эмгектердин тизмеси:**

1. Шаршенбек кызы, А. Культурно-гуманитарные отношения Кыргызстана с Россией как стратегический приоритет внешней политики [Текст] / А. Шаршенбек кызы // Востоковедные исследования на Алтае. – Барнаул: Изд-во АлтГУ. – 2020. – С. 34–40. https://elibrary.ru/xgxygb
2. Шаршенбек кызы, А. Сотрудничество стран-участниц шанхайской организации сотрудничества в сфере культуры и образования [Текст] / Р. А. Каулбекова, А. Шаршенбек кызы // Социальная интеграция и развитие в Евразийском пространстве − 2021. − № 10. − Т. 2. – С. 120–126. https://elibrary.ru/item.asp?id=46593579
3. Шаршенбек кызы, А. Образовательное сотрудничество кыргызской республики в рамках ШОС [Текст] / А. Шаршенбек кызы // Тюркский мир: история, культура и образование : материалы IV Осенней научно-образовательной сессии молодых ученых – тюркологов и алтаистов. – Барнаул: Изд-во АлтГУ. – 2022. http://elibrary.asu.ru/xmlui/handle/asu/12047
4. Шаршенбек кызы, А. Сотрудничество Кыргызской Республики в сфере безопасности в рамках ШОС [Текст] / Ж. О. Омурова, Р. А. Каулбекова, А. Шаршенбек кызы // Сборник материалов Международной научной конференции «Социально-экономические и культурные аспекты взаимодействия славянских и тюркских народов СССР: итоги и перспективы», посвященная 100-летиию образования СССР. – Барнаул: Изд-во АлтГУ. – 2022 года. – С. 219–226. https://bolshoy-altay.asu.ru/upload/iblock/586/0skoj2rtr4rg5ghm2p8x10tql11v3v3c/100-let-SSSR_Itog.pdf
5. Шаршенбек кызы, А. Шанхай кызматташтык уюмунун алкагындагы маданий жана гуманитардык алакалардын өнүгүшү [Текст] / Р. А. Каулбекова, А. Шаршенбек кызы // Вестник «Alatoo Academic Studies». - 2021. - № 4. – С. 282–294. https://elibrary.ru/item.asp?id=47924259
6. Шаршенбек кызы, А. Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугу жана Шанхай кызматташтык уюму [Текст] / Ж. О. Омурова, А. Шаршенбек кызы, Р. А. Каулбекова // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2023. - №3.- С. 102–105. https://elibrary.ru/item.asp?id=54828221

7. Шаршенбек кызы, А. Кыргызстан жана Кытай: жакын коңшу жана стратегиялык өнөктөш [Текст] / Ж. О. Омурова, А. Шаршенбек кызы // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2023. - №3.- С. 97–101. https://elibrary.ru/item.asp?id=54828219

8. Шаршенбек кызы, А. Шанхай кызматташтык уюмунун маалыматтык коопсуздук чөйрөсүндөгү ишмердүүлүгү [Текст] / Р. А. Каулбекова, А. Шаршенбек кызы // Вестник «Alatoo Academic Studies». - 2023. - № 4. – С. 395–411. https://elibrary.ru/item.asp?id=59632526

9. Шаршенбек кызы, А. Investment activity of the PRC in the Kyrgyz Republic [Текст] / J. O. Omurova, T. S. Sharshembieva, A. Sharshenbekkyzy // World Economy and International Relations. - 2024. - Т. 68. - № 4. – С. 77-86. https://doi.org/10.20542/0131-2227-2024-68-4-77-86

Шаршенбек кызы Айперинин аттуу 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы, 07.00.03 – жалпы тарых адистиктери боюнча **“Кыргыз Республикасынын Шанхай кызматташтык уюмунун өлкөлөрү менен болгон маданий-гуманитардык кызматташтыгы”** деген темадагы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** Кыргызстан, Кытай, ШКУ, маданий-гуманитардык кызматташтык, туризм, билим берүү, илим, саламаттыкты сактоо, спорт, массалык маалымат каражаттары.

**Изилдөөнүн максаты:** Кыргызстандын Шанхай кызматташтык уюмунун мүчө өлкөлөрү менен болгон маданий-гуманитардык байланыштарынын өнүгүүсүнүн тарыхый жолун талдоо менен бирге, уюмдун өнүгүүсүнүн көйгөйлөрүн жана тенденцияларын ачып көрсөтүү.

**Изилдөөнүн объектиси:** Кыргыз Республикасы жана Шанхай кызматташтык уюму.

**Изилдөөнүн предмети:** Кыргызстандын ШКУга мүчө өлкөлөр менен маданий-гуманитардык кызматташтыктын жөнгө салынышынын негизги багыттарын талдоо болду.

**Изилдөөнүн методологиялык негизин:** коомдук илимдердеги теориялык жана методологиялык ыкма, анын ичинен тарых илиминде колдонулуучу, саясат таануу жана эл аралык мамилелерди изилдөөчү ыкмалардын биримдиги диссертациянын методологиялык негизин түздү.

**Алынган жыйынтыктар жана алардын жаңылыгы:** диссертациялык иште Кыргызстандын ШКУга мүчө мамлекеттер менен аталган уюмдун алкагындагы маданий-гуманитардык багыттарда кызматташтыкты ишке ашыруу жүрүмдөрү жана багыттары талдоого алынды. Япон, орус, түрк, англис

тилдериндеги адабияттардын, маалыматтардын көмөгү менен Кыргызстандын уюмга мүчө өлкөлөр менен маданий-гуманитардык кызматташтыктарынын багыттары (илим, билим берүү, театр ж.б.) каралып, туризм, экология жана башка жааттагы актуалдуу маселелери талданды. Изденүүчү тарабынан учурдагы Кытайдын жана Россиянын тышкы иштер министрликтеринин сайттары, Кыргыз Республикасынын Президентинин архивинин материалдары, Улуттук статкомитеттин, айрым министрликтердин расмий аналитикалык маалыматтары диссертациялык иште кеңири колдонулуп, изилдөөнүн булак базасын кыйла кеңейтти.

**Колдонуу боюнча сунуштар:** диссертациянын негизги жыйынтыктары жана жоболору мамлекеттик башкаруу органдарынын, изилдөөчүлөр аталган тема боюнча илимий долбоорлорду, сунуштарды даярдоого колодонулушу мүмкүн.

**Колдонуу тармагы:** Илимий иштин мазмуну жана негизги тыянактары Кыргыз Республикасынын тышкы саясатынын тарыхы, Евразия тарыхы, ШКУнун тарыхы, Жалпы тарых, заманбап эл аралык мамилелердин тарыхы боюнча окуу куралдарын, атайын интернет-лекцияларды даярдоодо колдонсо болот.

## РЕЗЮМЕ

кандидатской диссертации Шаршенбек кызы Айпери на тему: **“Культурно-гуманитарное сотрудничество Кыргызской Республики со странами Шанхайской Организации Сотрудничества”** на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.02 – отечественная история, 07.00.03 – всеобщая история.

**Ключевые слова:** Кыргызстан, Китай, ШОС, культурно-гуманитарное сотрудничество, туризм, образование, наука, здравоохранение, спорт, СМИ.

**Цель исследования:** проанализировать и обобщить исторический путь развития культурно-гуманитарных связей Кыргызстана со странами-членами Шанхайской организации сотрудничества, выделить проблемы и тенденции развития организации.

**Объект исследования:** Кыргызская Республика и Шанхайская организация сотрудничества.

**Предмет исследования:** анализ основных направлений развития культурно-гуманитарного сотрудничества Кыргызстана с государствами-членами ШОС.

**Методологической основой исследования:** теоретический и методологический подход в общественных науках, в том числе и применяемых в исторической науке, единство подходов к изучению политологии и международных отношений легло в методологическую основу диссертации.

**Полученные результаты и их новизна:** В диссертационной работе проанализированы направления осуществления Кыргызстаном сотрудничества с государствами-членами ШОС в культурно-гуманитарных направлениях в рамках данной организации. С помощью литературы на японском, русском, турецком, английском языках рассмотрены приоритетные направления культурного сотрудничества (наука, образование, театр и другие), а также были проанализированы актуальные проблемы в сфере туризма, экологии и других сферах. Со стороны соискателя в диссертационной работе широко использованы текущие сайты МИД Китая и России, материалы архива Президента Кыргызской Республики, Национального статистического комитета, официальные аналитические данные отдельных министерств, что существенно расширило источниковую базу исследования.

**Рекомендации по использованию:** Основные результаты и положения диссертации могут быть использованы государственными органами и исследователями при подготовке научных проектов и предложений по данной теме.

**Область применения:** Содержание и основные выводы научной работы могут быть использованы при подготовке учебных пособий и специальных онлайн-лекций по истории внешней политики Кыргыской Республики, истории Евразии, истории ШОС, всеобщей истории и истории современные международные отношения.


## SUMMARY

**Dissertation by Sharshenbek kyzy Ayperi: "Cultural and Humanitarian Cooperation of the Kyrgyz Republic with the Countries of the Shanghai Cooperation Organization (SCO)". This dissertation was submitted for the degree of Candidate of Historical Sciences in the fields of National History 07.00.02 and Universal History 07.00.03.**

**Keywords:** Kyrgyz Republic, Shanghai Cooperation Organization, cultural and humanitarian cooperation, tourism, education, science, healthcare, sports, mass media.

**The object of the study** is the Kyrgyz Republic and the Shanghai Cooperation Organization.

**The subject of** the study is the regulation of issues of cultural and humanitarian cooperation within the framework of the SCO, its main directions and priorities.

**The purpose of the study** is to analyze and generalize the historical path of the development of cultural and humanitarian relations of Kyrgyzstan with the member states of the Shanghai Cooperation Organization, as well as to reveal the problems and trends of the organization's development.

**Methodological basis of the study:** the theoretical and methodological approach in the social sciences, including the unity of methods used in historical science, political science and international relations, formed the methodological basis of the dissertation.

**The results obtained and their novelty:** the dissertation analyzes the processes and directions of cooperation between Kyrgyzstan and the SCO member states in the cultural and humanitarian areas within the framework of the organization. With the help of literature in Japanese, English, Turkish, Russian, priority areas of cultural cooperation between the member states of the organization (science, education, theater, etc.), as well as the activation of tourism, ecology, etc. activities, were analyzed. The researcher widely used the current websites of the Ministry of Foreign Affairs of the People's Republic of China, the Ministry of Foreign Affairs of the Russian Federation, materials from the archive of the President of the Kyrgyz Republic, materials from migration services, and official analytical data of some ministries in the dissertation, which significantly expanded the source base of the study.

**Scope of application:** the main results and provisions of the dissertation can be used by government agencies and researchers in developing scientific projects and proposals related to this topic.

**Recommendations for use:** The main conclusions and general conclusions of each chapter of the scientific work can serve as a basis for preparing online lectures, creating textbooks and special courses on the history of foreign policy of the Kyrgyz Republic, the history of Eurasia, the history of the SCO, General history, the history of modern international relations and diplomacy.